**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.11.023 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК 37:371. 125:950**

**БЕЙШЕНАЛИЕВ АЛМАЗБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВИЧ**

# Ф.ГҮЛЕНДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРУН КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ПАЙДАЛАНУУНУН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору
**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Исамидинов Искендер Чоңмурунович**

педагогика илимдеринин кандидаты
**Орхан Инанды**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси, 27

Диссертация 2012-жылдын 29-июнунда саат 13.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.11.023 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги:720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын 29-майында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, доцент **Чоров М. Ж.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Ааламдашуунун татаал агымы дүйнөнүн элдерин, улуттарын, ар кандай цивилизацияларын, анын ичинен маданий баалуулуктарды жана билим-тарбия берүү салттарын улам жакындаштырып, алардын арасындагы орток мурастарды интеграциялап пайдалануу маселесин күн тартибине койду. Постсоветтик республикалардын ичинен Кыргызстан демократиялуу өлкөлөрдүн алдыңкы сабында болуу менен дүйнөлүк билим стандарттарына жакындоого, окутуу-тарбиялоонун мазмунун жана формаларын модернизациялоого өзгөчө маани берди. «Учурдагы Кыргызстандагы билим системасындагы көрүнүштөр адамзат коомунун социалдык өнүгүүнүн бир баскычынан экинчи бир карама-каршы баскычына өтүү жолундагы экономикалык кризистен келип чыккан идеологиялык, адеп-ахлактык, психологиялык, социалдык кризистердин алкагындагы көрүнүштөрдөн келип чыккан кубулуштарды ичине камтыйт» (Н.Асипова). Мына ушундай интеграцияланган процесстердин натыйжасында Кыргызстанда дүйнөнүн бир топ өлкөлөрүндөй эле Фетхуллах Гүлен негиздеген жана анын идеясын ишке ашырган билим берүү мекемелери ачылды.

Ф.Гүлен азыркы доордо адамзаттын келечегин ойлоп, тынсызданган жана террорчулукка, диндик экстремизмге, түркөйлүккө каршы турган жана дүйнөнү прогрессивдүү жакка өзгөртүүнүн башка жолу – билим-тарбия жана диалог экендигин аңдап түшүнгөн жана аны адамдарга түшүндүрүп келе жаткан түркиялык ойчул, педагог, жазуучу жана коомдук ишмер. АКШда чыккан «Форейн» журналы жана «Рейтер» агенттиги 2008-жылы планетанын эң таасирдүү жүз интеллектуалдуу инсанынын ысымы жазылган сурамжылоо таратып, алардын ичинен таасирдүүлүгү боюнча баа берүүдө Ф.Гүлен биринчи орунду ээлеген. Фетхуллах Гүлен «адамдардын эң коркунучтуу душманы сабатсыздык, жакырчылык жана чагымчылдык» деп эсептеп, азыркы күнгө чейин дүйнөнүн 140 мамлекетинде 1000ден ашуун билим жана тарбия берүү мекемелеринин ачылышына себеп болду. Алардын ичинен Кыргызстанда да «Себат» билим берүү мекемелеринин 14 кыргыз-түрк лицейи, 1 эл аралык мектеби, 1 «Ата Түрк-Ала-Тоо» университети ачылган жана алар гүлендик идеялардын негизинде иштеп келе жатат. Ч. Айтматов бул лицейлер тууралуу «азыркы заманда, демократияга кетип баратканда, Батыш менен Чыгыш жарышып кетип баратканда жаңы мезгилдин, күндүн мазмунун, формасын издеп тапкан», «иш жүзүндө, практикада азыркы жаңы муун жаштарды кандай багытта өстүрүп, тарбиялоо керектигин далилдеп жаткан», «бүгүнкү күн, келечек үчүн актуалдуу болгон илим-билимдин баарына багытталган», «түрк маданияты менен кыргыз маданияты баш кошуп, бирге иштешип жаткандыгынын көрүнүшү» болгон окуу мекемелери экендигин баса белгилеп, ушул идеяны ойлоп тапкан инсандарга чоң ыраазычылыгын билдирген.

Эл аралык деңгээлде Гүлендин билим берүү мекемелери боюнча көп эмгектер жазылды, бул феномендин өзгөчөлүктөрү ар тараптуу ачылды, мисалы, Хюстон университетинде атайын Гүлен институту ачылган жана дүйнөлүк илимпоздор жүзгө жакын кандидаттык жана докторлук диссертациясын коргогон.

Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине ыкчам аралашып жаткандыгы, анын натыйжасында планетардык ой жүгүртүүдөгү педагог окумуштуулардын идеяларынын республиканын аймагына таралып жатышы, бирок аларды ар тараптуу изилдөөнүн жетишсиздиги, ошолордун бири Ф.Гүлендин идеяларынын коомго алып келген таасирин аныктоонун жогорку деңгээлде ишке ашпай жаткандыгы, Ф.Гүлендин идеясы менен ачылып, иштеп жаткан билим берүү мекемелеринин Кыргызстандын билим берүү тармагына кошкон салымы, анын оң жактары, салттуу улуттук педагогика, кыргыз этнопедагогикасы менен байланышуу түйүндөрү кеңири изилдөөгө алына электиги бизди «Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде пайдалануунун илимий негиздери» деген теманы тандап алуубузду шарттады.

Кыргызстанда Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун ишке ашырып жаткан «Себат» билим берүү мекемесинин негизинде айрым окумуштуулар, мисалы, информатика предметинде окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологиялары (О.-Ф.Созжу), лицейлик билим берүүнүн калыптанып, өнүгүүсү (О.Инанды), инновациялык мектептерде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү (С.Шентүрк) боюнча диссертациялар корголгон, бирок аларда биздин теманы – Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун идеялары жана ал идеялардын негизинде окутуп-тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн бир багытта, ырааттуу ачып берүү милдети коюлбаган. Жеке менчик мектептер, жаңы типтеги билим берүү мекемелери, дүйнөлүк билим стандарттарын Кыргызстанга алып келүүнүн мүмкүнчүлүктөрү тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн (А.Б.Байсеркеев, И.Б.Бекбоев, Ж.У.Байсалов, К.Д.Добаев, М.Т.Иманкулова, Ж.К.Каниметов, Э.М.Мамбетакунов, А.М.Мамытов, Л.П.Мирошниченко, К.Д.Шаршекеева ж.б.). Белгилүү ойчулдар же элдик педагогдордун идеяларын билим жана тарбия берүү процессинде колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери айрым окумуштуулар тарабынан аныкталган (Н.А.Асипова, А.А.Алимбеков, С.О.Байгазиев, Н.И.Имаева, Б.И.Исаков, С.И.Иптаров, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, Р.И.Курманкожоева, А.Ж.Муратов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов ж.б.). Жогорудагы эмгектер биздин илимий изилдөөбүздү багыттоого негиз болуп берди жана биз аларды темабызга байланыштуу конкреттүү учурларга ылайык колдонууга аракет кылдык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана «Себат»

билим берүү мекемелеринин билим, тарбия концепциялары жана илимий иштеринин план-программалары менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты** – Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун изилдеп, аларды Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу, пайдалануунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, аныкталган теориялык ойлорду тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун азыркы ааламдашуу доорундагы маанисин жана анын Кыргызстандын жаштарын тарбиялоого кошо турган мүмкүнчүлүгүн аныктоо.
2. Ф.Гүлендин идеясына негизделген билим берүү мекемелеринин балдарды тарбиялоо иштеринин мазмунун, формасын жана каражаттарын изилдөө жана аларды өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөтүү.
3. Ойчул-агартуучунун педагогикалык идеяларынын кыргыз эл педагогикасынын тарбиялоо тууралуу ойлору менен байланыштуулугун изилдөө.
4. Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун Кыргызстандын билим берүү мекемелериндеги колдонулушунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

•кыргыз педагогикасында алгачкы жолу дүйнөлүк ири педагог-ойчул Ф.Гүлендин азыркы замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялоо тууралуу ойлорунун актуалдуулугу, негизги багыттары, Кыргызстандын шартында пайдалануунун жолдорун аныкталышында;

•Ф.Гүлендин идеясынын негизиндеги билим берүү мекемелеринин окутуу жана тарбиялоо системасынын мазмуну, формасы, каражаттары ачылгандыгында;

•кыргыз элдик педагогикасынын салттары, улуттук педагогикалык маданияты менен Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун салыштырылгандыгында, анын натыйжасында алардын ортосундагы жакындактардын табылгандыгында;

•Ф.Гүлендин педагогикалык ойлору жалпы адамзаттык педагогика менен байланыштырылып, талданып, анын прогрессивдүү жактары илимий тажрыйбадан өткөрүлүп, андан соң Кыргызстандын билим берүү мекемелерине сунушталгандыгында.

**Изилдөөдөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөбүздөн келип чыккан ойлор, тыянактар, сунуштар жалпы билим берүүчү мектептерде дүйнөлүк педагог-философдордун идеяларынын негизинде окутуу-тарбиялоо проблемасын өркүндөтүүгө салым кошот. Изилдөө ишинин материалдары жалпы билим берүүчү орто мектептерде, гимназияларда, лицейлерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында, тарбиячыларды жана мугалимдерди кайра даярдоо, алардын адистигин жогорулатуу

тармактарында окутулуучу курстардын, лекциялардын, семинарлардын сапатын өркүндөтүүгө жана жалпы эле тарбиялоо тармагын жакшыртууга көмөктөшөт.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

1. Ф.Гүлендин педагогикалык идеяларынын заманбаптыгы, ал идеялардын жаралышынын жана дүйнөгө таралышынын коомдук, социалдык, тарыхый шарт-жагдайлары.
2. Ф.Гүлендин педагогикалык идеяларын азыркы Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун уюштуруучулук, методикалык шарттары, ал идеяларды колдонууну ишке ашыруунун дүйнөлүк тажрыйбасы жана Кыргызстандагы абалы.
3. Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун кыргыз элинин тарбиялоо маданияты менен тогошкон учурлары жана аларды биримдикте пайдалануунун педагогикалык негиздери.
4. Ф.Гүлендин эмгектеринде камтылган таалим-тарбиялоо тууралуу идеяларды учурдагы билим берүү мекемелеринде пайдаланууну мындан ары өкүндөтүүнүн жолдору жана проблемалары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Алгачкы жолу түрк агартуучу-ойчулунун педагогикалык идеялары кыргыз элинин тарбиялык салттары менен бирдикте аныкталып, ал идеялар Кыргызстандын билим берүү тармактарында колдонуунун педагогикалык шарттарынын негиздери түзүлүп, өркүндөтүлүп, алар практик-мугалимдерге жана билим берүү тармагында эмгектенип жаткан адистерге сунушталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо):**

Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын кеңешмелеринде, «Ата Түрк-Ала-Тоо» университетинин студенттерине окулган дарстарда, өткөн практикалык сабактарда, «Себат» лицейлерининин мугалимдеринин, тарбиячыларынын усулдук кеңешмелеринде, илимий-практикалык конференцияларда (Бишкек, 2011; Голландия, 2011), семинарларда талкууланды.

Педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү.

*I этап (2006-2007) – проблемалык-изилдөөчүлүк.* Бул этап теориялык эмгектерди талдоого, ыраатташтырууга, жалпы проблемаларды белгилөөгө, теманын багыттарын тактоого арналды.

*II этап(2008-2009) – теориялык- методологиялык.* Мында материалдар жалпылануу менен Ф.Гүлендин педагогикалык идеяларынын нарк-насили, таралышы, анын натыйжалуулугу, педагогикалык процессте колдонуунун оң жана терс жактары тажрыйбаларда аныкталды. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздемеси берилди.

*III этап* (2010-2011) – *теориялык- практикалык.* Бул мезгилде жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары талданып, анализ жана синтез процесси менен теориялык ой корутундулар практикада текшерүүдөн өткөрүлдү. Алынган материалдар статистикалык жол менен

эсептелип чыгылды. Эксперименттин натыйжалары айрым түзөтүүлөр, толуктоолор менен диссертацияга киргизилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын жарыяланган эмгектер аркылуу чагылдыруунун толуктугу:** Автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар педагогикалык, илимий-методикалык журналдарга жарыяланган он, анын ичинен Казакстанда чыккан бир макалада чагылдырылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Иш киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен (текст түрүндө – 201, электрондук булак – 5), таблицалардан (2), сүрөттөрдөн (6), тиркемелерден (2) турат.

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу тууралуу айтылып, диссертациянын максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси, коргоого алып чыгуучу негизги жоболору, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы, изилдөөнүн натыйжаларын жарыяланган эмгектер аркылуу чагылдыруунун толуктугу көрсөтүлгөн.

**Биринчи глава «Ф.Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгү жана анын ааламдашуу доорундагы мааниси»** деп аталып, анда азыркы замандын адамдарын тарбиялоонун кризиси жана андан чыгаруу үчүн Ф.Гүлендин ойлоп тапкан педагогикалык идеялары, алардын маани-маңызы, түрк ойчулунун өмүр жолунда анын педагогикалык көз карашынын калыптануусуна таасир эткен факторлор тууралуу сөз болот.

**Экинчи глава «Ф.Гүлендин билим-тарбия тууралуу идеяларынын жалпы дүйнөгө таралышы жана ал идеялардын кыргыз эл педагогикасы менен байланышы»** деп аталып, анда дүйнөдө бул идеяларга болгон кызыгуулар жана анын себеп-натыйжалары, гүлендик мектептердин билим жана тарбия берүү өзгөчөлүктөрү, ал ойчулдун тарбиялоо жана билим берүү тууралуу идеяларынын кыргыз элдик педагогикалык маданияты менен жалпылыктары, окшоштуктары көрсөтүлгөн.

**«Кыргызстандын жаштарына билим жана тарбия берүүдө Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун пайдалануунун илимий негиздери»** деп аталган үчүнчү глава өлкөдөгү Ф.Гүлен негиздеген билим берүү мекемелеринин окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүктөрүнүн мазмунун жана формаларын талдоого, алардын педагогикалык иш аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө багытталган. Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары чагылдырылган.

**Жалпы жыйынтыкта** изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар жана сунуштар берилген.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Ф.Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгү жана анын ааламдашуу доорундагы мааниси»** деп аталган биринчи главада Кыргызстандагы

«Себат» кыргыз-түрк лицейлери жыйырма жылдан бери ишмердүүлүк жүргүзүп, сандык жана сапаттык жактан тездик менен өсүп жаткан учурда, мындай мектептерди ачуу идеясын, башкы концепциясын сунуштаган Фетхуллах Гүлендин педагогикалык көз караштарын, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жалпы дүйнөдө таралышын таанып билүү, иликтөө улуттук педагогика илиминде маанилүү маселердин бири экендиги айтылат. Ошондуктан илимий иштин бул главасында дүйнөгө «Гүлен кыймылы», «Кызмат мектептери» деген аталыштар менен жайылган, адамзатка кызмат кылуу идеясы менен белгилүү болгон, катарына миллиондогон адамдарды камтыган эл аралык кыймыл жана анын идеологу Фетхуллах Гүлендин ишмердүүлүгү тууралуу сөз кылынат.

Кыргызстанда бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн өтө аздыгынан улам, ал эми дүйнөлүк педагогика илиминде бир кыйла ар тараптуу изилденгендиктен, бул кыймыл, анын таралышы, биздин өлкөгө келиши тууралуу кененирээк маалымат берилет. Кыргыз эл педагогикасындагы «Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот» деген этникалык философияда айтылгандай, көпчүлүктүн колдоосу менен билим берүүнүн мазмунун жана формасын жаңыртуу, ал аркылуу дүйнөдө тынчтык жана кызматташтык мамилени куруу, көпчүлүктү кайрымдуулук кылууга тартуу менен коомдук проблемаларды чечүү тууралуу Ф.Гүлендин ойлорунун теория түрүндө гана калбастан турмушта ишке ашырылышы жер жүзүндөгү көпчүлүк окумуштууларды, бүтүндөй бир институттарды кызыктырып келүүдө.

«Гүлен кыймылын» жана Гүлендин жеке инсандык сапаттарын, коомдук ишмердүүлүгүн ар тараптуу изилдеген илимий иштер башка мамлекеттерде, анын ичинде АКШ, Германия, Казакстан, Түркия сыяктуу өлкөлөрдө бир кыйла жетиштүү болсо биз аларды кайталабай, анын педагогикалык ишмердүүлүгүнө, ал ишмердүүлүктүн калыптануу процессине жана жаштарды азыркы ааламдашуу доорунда адептүү, толеранттуу сапаттарга тарбиялоо боюнча ойлорунун маани-маңызына жана ал идея берген мектептердин Кыргызстанда ачылышына, гүлендик ниет-максаттардын өлкөбүздө таралышына негизги басым жасадык.

Ф.Гүлендин педагогика жаатындагы идеяларын, алардын ишке ашырылышындагы негизги факторлорду кароодон мурда педагогикалык көз караштарынын калыптануусуна таасир эткен жагдайлар, өмүр жолундагы таалим-тарбияга байланышкан, анын ойчул-педагог катары калыптануусуна таасир эткен урунттуу учурлардын генезисине тарыхый-биографиялык экскурс жасадык. Анын алган тарбиясында, билиминде, жеке адамдык сапаттарында, бардык жактан өрнөктүүлүгүндө, бир максатка багытталган мазмундуу өмүр баянында педагогикалык көз караштарынын уюткусу, өзөгү камтылган.

«Гүлен кыймылы» жалгыз эле билим берүүнү камтыбайт, бирок аткарылып жаткан проекттердин эң маанилүүсү жана түйүндүүсү – билим берүү. Бул тармактагы Гүлен аныктаган багыттарга жана принциптерге токтолуу менен бирге Гүлен мектептеринин өзгөчөлүктөрүн башка

мектептерге салыштыруу аркылуу көрсөтүп берүүгө аракет кылдык, ал үчүн Кыргызстандагы эл аралык «Себат» билим берүү мекемелеринин кыргыз-түрк лицейлерин мисалга тарттык. Ф.Гүлендин билим берүү багытындагы идеяларынын башатында төмөнкүдөй принциптер тургандыгын өзгөчө белгиледик: билим берүүгө күчтүү инвестиция; мугалимдин статусун көтөрүү; билим берүүдө камкордук принциби; кызыкчылыктарды көздөбөгөн демөөрчүлүк; билим берүү мекемелеринин толук саясатсыздандырылышы; илимий көз караш менен таалим-тарбияны комбинациялоо; табигый-математикалык илимдер, искусство, тил жана спорт биримдигинде инсанды ар тараптуу өнүктүрүүгө жетишүү; теорияда окуган билимди тажрыйбада сөзсүз сынап көрүү; көп тилдүүлүк жана эне тилин билүү, окуу китептерин жана окуу колдонмолорун дүйнөнүн кайсыл жеринде жеткиликтүү жана сапаттуу болсо, ошолорду пайдалануу; англис тилин эң мыкты деңгээлде өздөштүрүү; билим жана адеп биримдигин сактоо; мектептер кайсыл жерде ачылбасын ошол системанын чегинен чыкпай жана иш алып барып жаткан өлкөнун мыйзамдарын бузбай ишмердүүлүк жүргүзүү; диний, маданий жана этникалык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон өлкөлөрдө ачылган мектептер тынчтыкка көпүрө сыяктуу кызмат кылуу; инсандар жана коомчулуктар ортосунда диалог жана ырашкерликтин фундаментин түзүү.

Ф.Гүленден идея алган мектептер тууралуу бул бир пикир, мындай пикирлер миңдеп саналат, Кыргызстандагы андай мектептер тууралуу академиктер Ч.Т.Айтматов, А.А.Акаев, А.А.Акматалиев, А.А.Бөрүбаев, А.Ч.Какеев, илимпоздор Т.Асан уулу, А.Т.Калдыбаева, К.С.Молдокасымов, А.Ж.Муратов, А.С.Ормушев, Г.Тажиева, Э.Токсомбаева, ж. б. оң пикирлерин билдирген.

Ошентип биз бул главада жогорудагыдай мисалдарды келтирүү менен Ф.Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн ааламдашуу доорундагы мааниси, Кыргызстандын билим берүү системасындагы орду, коомчулук тарабынан бааланышы, бул окуу жайлардын тездик менен өсүүсүнө негиз болгон себеп-натыйжаларды талдоого аракеттендик.

**Экинчи глава «Ф.Гүлендин билим-тарбия тууралуу идеяларынын жалпы дүйнөгө таралышы жана ал идеялардын кыргыз эл педагогикасы менен байланышы»** деп аталып, анын 1-парагафы Ф.Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын жана азыркы дүйнөлүк педагогикалык ойлордогу Гүлен кыймылын көрсөтүүгө багытталган. Диссертацияда ойчул педагог билим жана тарбия берүүнү бала бакчада жана мектепте ишке ашыруу менен токтотуп койбой, атайын университеттерди ачууну колдогондугу конкреттүү мисалдар менен көрсөтүлдү. Ф.Гүлен билим жана тарбия иши азыркы этапта кризиске дуушарлангандыгын, азыркы баланы мурдагыдай окутуу жана тарбиялоо мүмкүн эместигин, аны үчүн жаңы мазмундагы жана формадагы мектептерди ачуу зарылдыгын түшүндүрдү. Анын далилдөөсү боюнча XX кылымдын соңундагы мектептердин биринчи кемчилдиги жүрөк менен акылдын, ыйман менен логиканын, академиялык билим менен диндин

синтезин ишке ашырууга жөндөмсүздүгү; экинчиси, мугалимдин иши менен жүрүм-турумунун дал келбестиги, мурдагы кезде окуучуларга өрнөк болуучу мугалимдин бара-бара кесиптик жактан болсун, адептик жактан болсун үлгү болууга жарамсыздыгы; үчүнчүсү, коомчулуктун билим берүү мекемелерине кайдыгер карашы, мугалим – ата-эне – демөөрчү үч бурчтугунун бирдиктүү аракетинин жетишсиздиги; төртүнчүсү, билим берүү тармактарынын ашкере саясатташып кетиши.

*Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерден жыйынтыктарды чыгарып, Ф.Гүлен билим берүү системасына жаңылануулардын төмөнкүдөй принциптерин сунуштады:*

1. Жогорку билимдүү, чыныгы педагогдук сапаттарга ээ, өрнөктүү жана камкор мугалимдерди даярдоо, ишке тартуу, аларга ар тараптуу жардам кылуу.
2. Билим, илим берүүчү мекемелердин ишмердүүлүгүн саясаттан тышкары жүргүзүү.
3. Мугалимдердин, ата-энелердин жана билим берүү проекттерин колдогон демөөрчүлөрдүн ишмердүүлүгүн бирдиктүү багытта уюштуруу, коомчулуктун мектептерди колдоого алуусун мотивациялоо.
4. Ар бир окуучуну өзүнчө дүйнө катары баалоо менен кызматташтык мамиле түзүү аркылуу окутуу, тарбиялоо. Камкордукка бөлөө аркылуу камкор болууга үйрөтүү.
5. Зыяндуу адаттарга бөгөт коюу менен, адамга, коомго залал берүүчү көрүнүштөрдөн алыс болгудай ишмердүүлүк жүргүзүү.

Экинчи параграф Ф.Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүн аныктап турган философиялык көз караштарынын кыргыз элинин даанышман ойчулдарынын көз караштары менен үндөштүгү, кыргыз этнопедагогикасы менен байланышы тууралуу болду. Ал үчүн эмгекте Жусуп Баласагын, Калыгул, Тоголок Молдо сыяктуу ойчулдардын адамзатка, урпактарга калтырган асыл ойлорунун бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу, Гүлен айткан идеялар менен жакындыгы салыштырылды. Кыргыз элинин макал-ылакаптарындагы, накыл сөздөрүндөгү адеп-ахлактуулук, абийир, намыс, жаратылышка, адамга туура мамиле кылуу, ар нерсени акыл менен, сабырдуулук менен чечүү сыяктуу ойлордун Гүлен философиясы менен дал келиши, эзелтеден келаткан элдик тарбиянын бүгүн лицейлердеги жанданышы, сакталышы катары салыштырма анализдерде каралды. Кыргыз ойчулдары менен Ф.Гүлендин салыштырып талдоодо, алардын окшоштугун жана айырмачылыктарын белгилөөдө төмөнкүдөй факторлор эске алынды:

- жашаган доорлору, ишмердүүлүк жүргүзгөн мезгилдери, ал учурдагы коомдук мамилелер, этикалык түшүнүктөр;
- бала чагында инсан катары калыптануусуна таасир эткен көрүнүштөр;
- идеяларынын ишке ашырышынын формалары жана жолдору (ыр, макала, конференция, лекция, китеп, компакт диск, элге түздөн түз чыгуу ж.б.);

- жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен тутумдашуу түйүндөрү.

Мына ушундай аспектилерден караганда Ф.Гүлен түрк уулу жана мусулман инсаны, ошондой эле жалпы адамзаттык прогрессивдүү педагог катары кыргыз акындары, ойчулдары менен идеялык жактан бир максатта тургандыгы иште көптөгөн мисалдар менен көрсөтүлдү.

**«Кыргызстандын жаштарына билим жана тарбия берүүдө Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун пайдалануунун илимий негиздери»** деп аталган үчүнчү главада Фетхуллах Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн маңызы жеке бир улуттун же мамлекеттин кызыкчылыгын көздөбөстөн, улутуна, динине, расасына карабастан, жаштардын бардыгына бирдей адеп-ахлактык, гуманисттик тарбия жана сапаттуу билим берүү, ал аркылуу дүйнө жүзүндө тынчтык аралчаларын куруу, элдердин достугун, кызматташтыгын чыңдоону көздөп тургандыгы менен баалуу экендиги, бирок көп түрдүү, көп кырдуу дүйнө жүзүндө бир максатты багыт алган, бирдей принциптерди тутунган, бир типтеги мектептерди түзүүнүн өзүнчө татаалдыгы бар боло тургандыгы, ошол ар бир татаалдыктан жөнөкөй жол таба билген бул даанышман адам ар кайсы өлкөлөрдө мектеп ачып жаткандарга ошол мамлекеттин мыйзамдарын сыйлоону, ошол жерди жердеген элдин каада-салтын урматтап, улуттук баалуулуктарынын негизинде тарбиялоону сунуштагандыгы ырааттуу түрдө көрсөтүлдү.

Ал жерде биз Кыргызстанда ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан «Себат» кыргыз-түрк лицейлери да дүйнөдөгү башка гүлендик мектептер сыяктуу эле жогорку принциптерге таянуу менен иш алып бararын, лицейлердин материалдык-техникалык базалары түрк ишкерлеринин кайрымдуулугу менен башталып, азыркы учурда ар улуттан Гүлендин жолун жолдоочулар аркылуу жогорку сапатта түзүлүп, тандалган педагогикалык кадрлар ишке тартылып, билим-тарбия берүүнүн мазмунуна кыргыз элинин кылымдар бою муундан-муунга мураска калтырып келаткан айкөлдүк, кечиримдүүлүк, достук, ынтымак, адамды, Ата Мекенди жана жаратылышты сүйүү, эмгекчил, ак ниет жана сабырдуу болуу сыяктуу асыл ойлору сиңирилгендигин көрсөттүк. Бул лицейлердин окутуу жана тарбиялоо формаларын, мазмунун ачып берип, алардын натыйжалуулугун тастыктадык.

Ф.Гүлендин адамга кызмат кылуу ойлорунун кыргыз элинин жашоо түшүнүгү, элдик философиясы менен үндөштүгүнөн улам, бул лицейлерди эл бул убакытка чейин Гүлендин идеяларын карманган мектептердин бири катары гана тааныбастан, элдин суроо-талаптарын канааттандырган, эки элдин ортосундагы достук көпүрөсү аталган мектептер катары таанып келишкендиги, ал лицейлер сырткы формасы, жабдууларынын заманбап болушу менен гана эмес, ички мазмунунан да көп жагынан айырмаланып тургандыгын, кыргыз элинин менталитетине, өлкөнүн мыйзамдарына карама-каршы келбегендигин, коом менен бир максатка багытталгандыгын, ата-энелер арасында жыл сайын кадыр-баркы өсүп бараткандыгын, ал мектептерди бүтүргөндөрдүн азыркы кадрлар рыногунда атаандаштыкка жарамдуулугун далилдер менен көрсөттүк. Орхан Инанды: «Себат» билим

берүү мекемесинин кыргыз-түрк лицейлеринин коомдун өнүгүшүндөгү орду, Кыргызстандын дүйнөлүк билим мейкиндигине кирүүсү үчүн кылып жаткан кызматы, бул билим берүү мекемесинин окутуу жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрү, илим жана технологиялардын атаандаштыгындагы жасап жаткан аракеттери, билим-тарбия берүүсүнүн мазмуну жана формалары педагогикалык негизде анализге алынышы зарыл»,-деп туура белгилегендей, биз бул главада аталган лицейлердин ишмердүүлүгүн ар тараптан иликтеп, өз баасын берип жана пайдалуу жактары жалпы өлкөнүн билим берүү системасына жайылтуунун технологияларын көрсөтүүгө аракет жасадык.

Ошондой эле «Себат» лицейлери Кыргызстандын билим берүүсүнүн тарыхында өзгөчөлөнгөн мектептер катары каралып, бул лицейлердин коомубуздун өнүгүшүндөгү ролун, ордун аныктоо үчүн ага чейинки өлкөбүздөгү билим берүүнүн тарыхы кыскача ракурста берилди. Диний медреселер, орус-тузем мектептери, услу-жадид мектептери, советтик мектептер тууралуу статистикалык маалыматтар келтирилди жана алардагы билим-тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунуна жана өзгөчөлүктөрүнө кыскача мүнөздөмө берилди. «Себат» лицейлериндеги билим-тарбия берүүнүн өзгөчөлүктөрү, мазмуну, формалары ар тараптуу талдоого алынуу менен алар алып келүүчү жыйынтыктар прогноздолду.

Экинчи параграфда, эксперименттик бөлүмдө, «Себат» лицейлеринин базасында жүргүзүлгөн эксперименттердин жыйынтыгы каралды. Эксперименттин жүрүшүндө төмөндөгү аспектилер изилдөөгө алынган: гүлендик мектептердеги билим жана тарбия берүүнүн сапаты, окуучулардын тарбия алуусунун деңгээли жана мүмкүнчүлүктөрү. Предметтердин сапаттуу окутулушун аныктоодо: сабактардын кызыктуу өткөрүлүшү, мугалимдердин сабакка мамилеси, мугалимдердин программалык талаптарга ылайык сабак өтүүсү, окуу пландарындагы, программаларындагы, окуу китептериндеги өзгөчөлүктөр ж.б.у.с. маселелерге көңүл бурулду.

Окуучулардын тарбиялуулук деңгээлин аныктоодо: окуучулар арасындагы өз ара мамилелер, жаман көнүмүш адаттарга (чылым, ичимдик ичүү, мектеп ичинде окуучуларга салык салуулар) аралашуусу, сабак процессине жолтоо болуучу элементтерди (телефон, электрондук оюндар) колдонуу, тарбиялык сааттардын жана тарбиялык иш-чаралардын системалуу өткөрүлүшү жана тарбиялуулук деңгээлге байланыштуу түшүнүктөр сурамжыланды.

Мектептердин мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөдө: окуу куралдары, окуу китептери, техникалык каражаттар менен камсыздоо, чет тилдерди үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрү, чет жерлердеги жогорку окуу жайларда окуу перспективасы, билим берүүдө кошумча мүмкүнчүлүктөрдү (интернет, мультимедиа) колдонуу, ийримдердин иштөөсү ж.б.у.с. маселелер анализденди.

Натыйжада, үч багытта тең гүлендик идея менен ачылып, иштеп жаткан «Себат» лицейлериндеги артыкчылыктар аныкталды.

№ 1 эксперименттин жыйынтыгы: биринчи эксперимент боюнча 20 суроо суралды. Билим берүү тууралуу суроо суралып аларга а). ооба, б). жок жана в). билбейм, кээде, ар кандай жооптор коюлду. Интерпретациясы: жалпы 15-20 балл ортосунда жыйынтык – жакшы, 15-10 ортосунда – орто, 10дон төмөн болсо начар деген жыйынтык деп даярдалды. Эксперименттин натыйжасында 2006-2007-окуу жылында эксперименттик топтун жалпы жообу 18,2 деген баллга, контролдук тараптын натыйжасы 14,1 деген баллга татыктуу болсо, 2008-2009-окуу жылы эксперименттик топ 18,2 деген эле окшош натыйжага, контролдук тарапта 13,6 деген баллга ээ болду.

Экинчи жылдын интерпретатциясындада эксперименттик топтун жоопторунда чет тил мүмкүнчүлүктөрү 19,7 балл – канааттандырарлык баа менен натыйжаланышы, «Себат» мектептеринде чет тилин үйрөтүү мыкты жөнгө салынгандыгы байкалып турат.

№ 2 эксперимент 2009-2010-окуу жылдын 2-жарым жылдыгында жана 2010-2011-окуу жылдары өткөрүлдү. Анкета 15 таалим-тарбиялык жүрүш-турушуна баа берүү аркылуу жүргүзүлдү. Тарбиялык процессти баалоодо дайыма – 4 балл, көпчүлүк учурда – 3 балл, кээде – 2 балл, өтө сейрек – 1, эч качан – 0 деген баллдар коюлду. Интерпретациясы: Эгерде натыйжа 30 баллдан жогору болсо тарбиялык абал жалпысынан ал мектепте жакшы, 30-15 баллдардын ортосу орто, аны эске алуу зарыл. 15 баллдан төмөнкү натыйжа процесс начар жана бул учурда тарбиялык иштерге көңүл буруунуталап кылат.

Эксперименттин натыйжасында эксперименттик топ биринчи жыл 18,9, экинчи жылы 19,1 деген орточо баллга чыкса, контролдук тараптын натыйжасы биринчи жылы 12,4, экинчи жылы 12,2 деген баллга арзыган.

Бул сурамжылоодо мамлекеттик мектептерде, тилекке каршы, чылым жана ичимдик колдонуу көрүнүшү 6,9 деген баллды көрсөттү. Айрыкча мектеп ичиндеги окуучулардын бири-бирине болгон мамилеси да эске аларлык. Ал эми ушул мектептерде «гуманизм», «шовинизм», «толеранттуулук» сыяктуу терминдердин окуучуларга тааныш эмес экендиги өкүнүчтүү көрүнүштөрдөн болду.

№3 эксперимент окуучулар жана мугалимдерге сурамжылоо аркылуу өттү. Суроолорго катышуучулар толук макулмун – 4, макул – 3 айтуудан кыйналам – 2, макул эмесмин – 1, таптакыр каршымын – 0 деген баалар коюлду. 20 талапты аныктоочу суроо жана негиздерге эксперименттик топ 2009-2010-окуу жылы 19 балл, экинчи жылы 19,2 контролдук тарап биринчи жылы 8, 7 жана экинчи жылы 9 балл коюшту.

Жалпы жыйынтыктын таблицасы:


**Таблица 3. 1. – Гүлендик мектептер менен башка мектептердин салыштырма таблицасы**

| Эксперименттин жылдары | Билим берүүнүн сапаты | | Тарбиялык абалы тууралуу | | Мектептердин мүмкүнчүлүктөрү | | Жалпы баа | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Экс. топ | Конт. т. | Экс. топ | Конт. т. | Экс. топ | Конт. т. | Экс. топ | Конт. т. |
| 2009-2010-окуу жылы | 18, 2 | 14, 1 | 18, 9 | 12, 4 | 19 | 8, 7 | 18, 76 | 11, 66 |
| 2010-2011-окуу жылы | 18, 2 | 13, 6 | 19, 1 | 12, 2 | 19, 2 | 9 | | |


Демек жогорудагы таблицага карай жыйынтык чыгары турган болсок:

1. «Себат» билим берүү мекемесинин эксперименталдык класстарындагы билим берүүнүн сапаты эки окуу жылы тең 18,2 деген окшош баа менен бааланган.
2. Контролдук мектептердин окуучуларына билим берүүнүн сапаты 14,1ден 13,6га түшкөн.
3. Таалим-тарбия тууралуу баалоодо «Себат» кыргыз-түрк лицейлериндеги эксперименталдык класстардын окуучулары 18,9дан 19,1ге көтөрүлгөн.
4. Контролдук класстарда көрсөткүч 12,4төн 12,2ге, же 0,2%га төмөндөгөн.
5. Эксперименттик топ, б.а. гүлендик мектептердин материалдык-техникалык жабдылышы, адистер менен камсыздандырылыш да 19дан 19,2ге жогорулаган.


Натыйжанын этаптык диаграммасы:




***1-сүрөт. Билим берүүнүн сапатын салыштыруунун диаграммасы***




***2-сүрөт. Тарбия берүүнүн сапатын салыштыруунун диаграммасы***




***3-сүрөт. Мектептердин билим жана тарбия берүү шарттарын салыштыруунун диаграммасы***

Эксперименттик топ «Себат» мектептеринин чет тилин билүү, олимпиадаларга катышуу, чет өлкөлөрдө окуу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык сааттар, мугалимдердин сабактан тышкары убакыт бөлүүлөрү, интернет жана мультимедиа сыяктуу аспектилерге өтө жогорку бааларды беришкен.

Контролдук топто жалпысынан бири-бирине жакын баалар коюлуп, биринчи эксперимент орто, экинчиси орто, үчүнчүсү начар деген көрсөткүчтү түздү.

Жалпысынан экспериментте Фетхуллах Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Кыргызстанда ишке ашырылып жатышы, бул лицейлердин маани-маңызы, кыргыз элинин улуттук кызыкчылыктары, өлкөнүн келечеги менен тыгыз байланышта экендиги анализденди жана сынактардын жыйынтыгы аркылуу «Себат» билим берүү мекемелеринин жүргүзүп жаткан ишмердүүлүгүнө жогорку баа берилди.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык корутундулары менен натыйжаларынан улам, биз иште жалпысынан төмөнкүдөй **жыйынтыктарга** келдик:

1. Изилдөөлөр мындай маселелерди көрсөттү: Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун азыркы ааламдашуу доорундагы мааниси анын идеяларынын жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен шайкеш келгендигинде; Ф.Гүлен билим жана тарбия берүү тармагынын кризиске учурап, азыркы талапты канааттандыра албай калган жагдайында кандайдыр бир жол табууга аракет кылгандыгында; мугалимди авторитардык башкаруудан оолактатып, аны балага жакын кылып, окуучусунун жүрөгүнө жетүүгө жол салгандыгында; ата-эне, коомчулук, демөөрчүлүк биримдигин түзүүгө басым жасагандыгында; окутуу процессине элдик мурастарды кеңири тартуу менен табигый-математикалык циклдеги предметтерди англис тилинде үйрөтүүгө маани бергендигинде; билим алган жеринде жатып окуй турган интернат тибин тандап алгандыгында; заманбап технологияларды колдонууга артыкчылык бергендигинде; теориялык идеяларды лабораториялык жана тажрыйбалык жол менен сынап көрүүгө мүмкүнчүлүк жаратбкандыгында. Мына ушундай азыркы доорго ылайыктуулугу менен түрк ойчулу, педагогу Ф.Гүлен негиздеген мектептер дүйнөгө улам тарап, ал мектептерде түрдүү улуттагы, диндеги жана түстөгү балдар окуп, алар дүйнөлүк адис рыногунда атаандаштыкта жогорку рейтинг менен жеңип чыгышууда. Кыргызстандын болсо мындай билим берүү мекемелери 1992-жылдан бери иштей баштап, алар жаштарга билим жана тарбия берүүдө жогорку ийгиликтерди жаратпкандыгы, жыл өткөн сайын бекемделип жаткандыгы, андай мектептерге окууну каалоочулардын көбөйгөндүгү менен, ал лицейлердин республикалык жана эл аралык билим жарыштарындагы ийгиликтери менен жана бүтүрүүчүлөрүнүн престиждүү университеттерге кирүүсү жана аларды бүтүп келип, эмгек рыногунда өз ордуларын табуусу менен өлчөнөт.

2. Ф.Гүлендин идеясына негизделген билим берүү мекемелеринин балдарды тарбиялоо иштеринин мазмунун, формасын жана каражаттарын изилдөө жана аларды өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөтүү менен биз төмөнкүлөргө жетиштик: мындай багыттагы кыргыз-түрк лицейлери балдарды тарбиялоодо чөйрөнүн, ата-эненин, ата-тегинин таасирин эске алышы; окутуу-тарбиялоо процессин эффективдүү жүргүзүүдө мугалим жана

тарбиячы башкы ролдо турары; мугалимге эркиндик берилери жана анын кадыр-баркы сыйланары; дүйнөнүн эң мыкты мектептеринин окуу программалары жана окуу китептери пайдаланылары; бардык тарбиянын башаты – адептик тарбияда турарлыгы; тил үйрөтүүдө мультимедия, спутник технологиялары кеңири колдонулары; бүтүрүүчүлөрү төрт тилди – эне тилин, орус, түрк, англис тилдерин эркин баарлаша алуу деңгээлинде колдонуучуга жетише аларлыгы; зээндүү балдарга атайын татаалдаштырылган окуу материалдары берилери; олимпидаларга катышууга жана университеттерге кирүүгө даярдалуучулар үчүн курстар уюштурулары; информатика предмети жогорку класстарда да кеңири окутулары жана ар бир окуучунун интернетке байланышуу мүмкүнчүлүгү, окутууда жана ата-энелер менен байланышууда интернет технологиялары кеңири колдонулары; уландар менен кыздар бөлүнүп окутулары негизги өзгөчөлүктөр катары белгиленди.

3. Түрк философ-агартуучунун педагогикалык идеяларын кыргыз элдик педагогдорунун тарбиялоо тууралуу ойлору менен байланышта изилдөө менен биз анын ишмердүүлүгүн жана гуманисттик ойлорун Жусуп Баласагындын, Калыгул Бай уулунун, Тоголок Молдонун өмүр баяндары жана чыгармачылыгы менен салыштырып, алардын бир катар окшош белгилерин көрсөттүк. Алар ата-энеге, кыз балага, жоро-жолдошко, динге, пендеге мамиле кылуу, билим алууга артыкчылык берүү, адептүү болууга чакыруу идеялары, «жакшылык», «жамандык», «уят», «абийир», «убал», «кесир» ж. б. түшүнүктөрдү чечмелөөлөрүнүн окшоштугу жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен айкалышы.

4. Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорунун Кыргызстандын билим берүү мекемелериндеги эффективдүүлүгүн педагогикалык эксперимент жолу аркылуу текшерүү менен биз бул идеялардын натыйжаларынын жогору экендигин, ал идеяларды ишке ашыруу туура багытта жана улам өркүндөп бара жаткандыгын тастыктадык.

Ишибиздин жалпы багыты дүйнөлүк билим алкагына чыгып жаткан Кыргызстанга бир идеялардын – Ф.Гүлендин идеяларынын келүүсүн көрсөтүп берет жана мындай дагы көп идеялардын келип жаткандыгын, алардын да оң жактары бар экендигин жокко чыгарбайбыз.

Ошондой эле диссертациябыздын соңунда төмөнкүдөй **сунуштарды** айта кетмекчибиз: биринчиден, азыркы доордун залкар ойчулдарынын бири Фетхуллах Гүлендин педагогикалык ишмердүүлүгүнө татыктуу баа берүү менен ал инсан тууралуу коомчулукка обьективдүү маалыматтарды берүү керек; экинчиден, Ф.Гүлендин идеясы менен ачылып, өлкөбүздө жыйырма жылдан бери иштеп жаткан «Себат» кыргыз-түрк лицейлеринин окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу терең илимий изилдөөгө алуу жана алардын оң тажрыйбаларын, өзгөчө тарбиялык концепциясын жана мугалимдерди тандоо, даярдоо, колдоо багытындагы табылгаларын Кыргызстандын билим берүү системасына колдонуу жагын практикалоо зарыл.

Албетте, дүйнөлүк деңгээлдеги педагог-ойчулдун окутуу жана тарбиялоо тууралуу идеяларын талдоо жана ал идеялардын Кыргызстанда ишке ашырылыш технологиясын иликтөө бир диссертация менен чектелбеши бышык жана бул багыт мындан кийин да изилдөөлөр улантылат деген ойдобуз.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү илимий эмгектерде жарыяланган**:


1. Бейшеналиев, А. Орто мектептеги окуучулардын билимдерин баалоонун маселелери [Текст] / А.Бейшеналиев // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2011. – №1 (17). 94-96 бб.
2. Бейшеналиев, А. Билим берүүнү колдоо – Гүлен перспективасы [Текст] / А.Бейшеналиев // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2011. – №3 (19). 129-132 бб.
3. Бейшеналиев, А. Адамзатка жол көрсөтүүчү акылмандардын бири Фетхуллах Гүлендин дүйнөнү бириктирүү жөнүндөгү асыл ойлору [Текст] / А.Бейшеналиев // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2011. – №2 (18). 108-111 бб.
4. Бейшеналиев, А. Ааламдашуу доорунда Фетхуллах Гүлендин идеяларынын өнүгүшү[Текст] / А.Бейшеналиев // КР Президентинин алдындагы башкаруу академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2011. – №13. 145-149-бб.
5. Бейшеналиев, А. Инновация жана традиция: «Себат» лицейлериндеги кадрларды тандоодо колдонулушу [Текст] / А.Бейшеналиев // КР Президентинин алдындагы башкаруу академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2011. – №13. 149-153-бб.
6. Бейшеналиев, А. Философия преподавания Ф.Гүлена [Текст] / А.Бейшеналиев // Вестник КазНУ, серия 1. Пед. науки. – Алматы: Казахский национальный университет им. Аль-Фараби, 2011. – № 2 (37). сс. 215-218.
7. Бейшеналиев, А. Фетхуллах Гүлендин таалим-тарбия берүүдөгү көз караштары [Текст] / А.Бейшеналиев // Вестник Кыргызского Национального университета им. Ж.Баласагына. – Бишкек, 2011, №3-чыгарылыш. – 107-112 бб.
8. Бейшеналиев, А. Фетхуллах Гүлендин ойчул педагог катары калыптануусу [Текст] / А.Бейшеналиев // И.Арабаевдин 130 жылдыгына арналган «Маданият жана билим берүүдө агартуучулардын мурастары жана алардын заманбаптуулугу» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2012, №2-чыг. – 37-40 бб.
9. Бейшеналиев, А. Дүйнөлүк билим берүүдөгү «Гүлен мектептери» жана «Гүлен кыймылы» [Текст] / А.Бейшеналиев // И.Арабаевдин 130 жылдыгына арналган «Маданият жана билим берүүдө агартуучулардын мурастары жана алардын заманбаптуулугу» аттуу эл аралык илимий-практикалык

конференциянын материалдары. И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2012, №2-чыг. – 37-40 бб.
10. Бейшеналиев, А. Улуу ойчулдар Калыгул жана Гүлен [Текст] / А.Бейшеналиев // Б.Алымовдун 80 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары. Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2012, атайын чыг. – 114-116 бб.

**Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевичтин «Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде пайдалануунун илимий негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**


## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** «Гүлен кыймылы», дүйнөлүк билим стандарттары, инновациялык мектеп, лицейлик билим берүү, мультимедия системасы, окутуунун заманбап технологиялары, коммуникативдик компетенция, чыгармачылык жөндөмдүүлүк, өнүктүрүү технологиясы.

**Изилдөөнүн обьектиси:** Ф.Гүлендин педагогикалык идеялары жана ал идеялардын Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонулуш өзгөчөлүктөрү.

**Изилдөөнүн максаты:** Ф.Гүлендин педагогикалык ойлорун изилдеп, аларды Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу, пайдалануунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, аныкталган теориялык ойлорду тажрыйбада текшерип көрүү жана практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий изилдөөлөрдү теориялык талдоо; нормативдик документтерди окуп үйрөнүү; педагогикалык байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, мугалимдердин тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** кыргыз педагогикасында алгачкы жолу педагог-ойчул Ф.Гүлендин азыркы замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялоо тууралуу ойлорунун актуалдуулугу, негизги багыттары, Кыргызстандын шартында пайдалануунун жолдору аныкталып, ал идеялар менен иштеп жаткан билим берүү мекемелеринин окутуу жана тарбиялоо системасынын мазмуну, формасы, каражаттары ачылып, кыргыз элдик педагогикасынын салттары, улуттук педагогикалык маданият менен Ф.Гүлендын педагогикалык ойлору салыштырылды

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Келип чыккан ойлор, тыянактар, сунуштар жалпы билим берүүчү мектептерде дүйнөлүк педагог-философдордун идеяларынын негизинде окутуу-тарбиялоо проблемасын өркүндөтүүгө салым кошот. Изилдөө ишинин материалдары жалпы билим берүүчү орто мектептерде, гимназияларда, лицейлерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында, тарбиячыларды жана мугалимдерди кайра даярдоо, алардын адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын, дарстардын, семинарлардын сапатын өркүндөтүүгө жана жалпы эле тарбиялоо тармагын жакшыртууга көмөктөшөт.

**Резюме диссертации Бейшеналиева Алмазбека Бейшеналиевича на тему «Научные основы использования педагогических мыслей Ф.Гюлена в образовательных учреждениях Кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования.**


## РЕЗЮМЕ

**Ключевые слова:** «Движение Гюлена», мировые образовательные стандарты, инновационная школа, лицейское образование, мультимедийная система, современная технология образования, коммуникативная компетенция, творческая способность, технология развития.

**Объект исследования:** педагогические идеи Ф.Гюлена и особенности использования его идеи в образовательных учреждениях Кыргызстана.

**Цель исследования:** исследование педагогические идеи Ф.Гюлена и разработка педагогические основы для использования их в образовательных учреждениях Кыргызстана, определение методов и путей их применения, экспериментальная апробация их для использования их на практике.

**Методы исследования:** теоретический анализ научного исследования; изучение нормативных документов; педагогический мониторинг, анкетирование, тестирование, собеседование, изучение и обобщение опыта учителей.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:** впервые в кыргызской педагогике были осуществлены сравнительные исследования основных направлений и актуальность идей педагога-мыслителя Ф.Гюлена по воспитании молодежи, отвечающий требованиям современности, также были определены пути их использования в условиях Кыргызстана, были выявлены содержание, форма и средства системы обучение и воспитания в школах основанных на этих идеях и были осуществлены сравнительные исследование национальной педагогической культурой кыргызского народа.

**Практическое значение исследования:** Заключения и выводы предложения и результаты исследование внесут определенный вклад в развитие и решения проблемы воспитания и обучение, основанных на идеях педагогов-мыслителей мирового значения во всех образовательных организациях. Материалы исследования можно использовать во всех образовательных школах, гимназиях, лицеях, колледжах, ВУЗах, а также на курсах, уроках и семинарах по повышению квалификации и переподготовки преподователей и воспитателей, а также для общего улучшения работы в сфере воспитания.

**Summary of the thesis work by Almazbek Beishenaliev on the theme 13.00.01 – Scientific Basis of F. Gulen's Pedagogical Thoughts Use in Educational Institutions of Kyrgyzstan, for a scientific degree of a Ph.D. in Pedagogy in the major of General Pedagogy, History of Pedagogy and Education».**


## SUMMARY

**Key words:** «Gulen Movement», world standards of education, innovation school, lyceum training, multimedia system, modern technology of teaching, communicative competence, creative capacity, technology of development.

**Object of the research:** pedagogical ideas of F.Gulen and peculiarities of use of these ideas in educational institutions of Kyrgyzstan.

**Purpose of the research:** research and development of pedagogical basis of F.Gulen's ideas for their use in educational institutions of Kyrgyzstan, specification of methods and ways of use, experiment with specified methods and offer their practical use.

**Methods of the research:** theoretical approach to scientific researches; study of normative documents; pedagogical monitoring, questionnaire, testing, interview, study and conclusion of the teacher's experience.

**Duties of the research:** significance identification of F.Gulen's ideas within the process of globalization and possible contribution in the young people's raining in Kyrgyzstan; research and reveal of development of forms, means and methods of children's training in educational institutions based on F.Gullen's ideas; examination of relations between educational and training ideas of the Kyrgyz national teachers and F.Gullen's pedagogical ideas as well as pedagogical experimentation of the efficiency of these ideas in educational institutions of Kyrgyzstan.

**Scientific novelty of the research:** for the first time ever, there were compared basic directions and urgency of F.Gulen's ideas, an educational thinker, in relation to the young people's training, meeting the requirements of the modern time, and there were determined the ways of their use in the context of Kyrgyzstan; content, form and means of teaching and training system of teaching and training at schools, working on these ideas were identified and they were compared with the national pedagogical culture and its traditions.

**Practical importance of the research:** all outgoing thoughts, offers and results make contributions into development of teaching and training problems solution, based on ideas of the world teachers-philosophers in all educational institutions. Materials of the research can be used in all secondary educational schools, gymnasiums, lyceums, colleges, institutions of higher education, as well as on courses, lessons and seminars for advanced training and retraining of teachers and educators and general improvement of educational sector.